КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

"КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**27-август 2025-жыл № 2** **Совет айылы**

**"Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу Кой-Бакар айылынын мектепке баруучу Кара-Тыт көпүрөсүн калыбына келтирүү жөнүндө"**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 26-августундагы № 01-17/545 сандуу катындагы айыл тургундарынын кайрылуусуна жана "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 18-беренесине ылайык, Бюджет жана экономика, ички жана сырткы инвестицияны тартуу комитетинин корутундусуна негиз Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү X-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Селдин кесепетинен жараксыз абалга келген Кой-Бакар айылынан мектепке баруучу, жөө жүргүнчүлөр жана автоунаа өтүүчү Кара-Тыт көпүрөсүн калыбына келтирүү үчүн 350 000 (үч жүз элүү миң) сом акча каражатын кароо жагы жактырылсын.

2. Токтомдун мыйзамдуу аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко жана башкы эсепчи Э.Абдураимовко милдеттендирилсин.

3. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

4. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Э.О.Оморовко жана Б.К.Матишевке жүктөлсүн.

**Төрага** **С.К.Сатаров**